# ОшМУнун окутуучу кызматкерлеринин XXXI спартакиадасы өткөрүлдү



Бул жылы спорт жаатында ОшМУнун ийгилиги арбын. “Университет-ОшМУ” волейбол кесипкөй кыздар клубу кыз-келиндер арасындагы клубдар аралык чемпионатында жана КР волейбол боюнча Президенттин кубогунда 2 ирет, ал эми ОшМУнун “Университет-ОшМУ” волейбол кесипкөй балдар клубу 2023-жылы чемпион аталды. Кичи футбол курама командасы “Супер лигада” финалга жолдомо алды. “ОшМУ-Алдиер” кесипкөй футбол клубу чоң оюндарда өзүн мыкты деңгээлде көрсөтүүдө.

Маалыматты ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын ортосунда өткөн спартакиаданын жеңүүчүлөрүн сыйлоо аземинде ректор Кудайберди Кожобеков айтты. Ошондой эле спорттук мелдешке жигердүү катышкан окутуучуларга ийгилик каалап, ыраазычылык билдирди.
Спартакиаданын жыйынтыгында командалык эсеп боюнча 1-орунду Индустриалдык-педагогикалык колледж, 2-орунду STEM инновациялык колледжи, 3-орунду Бизнес жана менеджмент факультетинин командалары ээледи.
Сыйлоо аземинде спорттук мелдеште мыктылыгын көрсөткөн катышуучуларга “Мыкты оюнчу”, “Мыкты чабуулчу” жана “Мыкты коргоочу” номинациялары ыйгарылды.
Жеңишке жеткен командаларды ОшМУнун профсоюз комитетинин төрагасы А.Э.Саттаров , мыкты оюнчуларды окуу жайдын жана профсоюз комитетинин дипломдору, кубоктору жана акчалай сыйлыктары менен куттуктады.
Спартакиаданын байге фонду 100 миң сомду түздү.
Профессордук-окутуучулук курамдын ортосунда өткөн спартакиада спорттун 7

түрү волейбол, баскетбол, футбол, стол тенниси, тогуз коргоол, ордо жана шахмат боюнча болду. Мелдештерге окуу жайдын бардык факультеттеринен, колледждеринен, мектеп-лицейлеринен командалар катышты.
Мелдештер 40 жашка чейинки жана 40 жаштан жогорку аялдар жана эркектер арасында өттү.






ДИПЛОМ


Индустриалдык –

